КЫРГЫЗ БАНКЫ

Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Чүй пр., 168
E-mail: mail@nbkr.kg
www.nbkr.kg

# Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2024-жылга акча-кредит саясаты жөнүндө БИЛДИРҮҮСҮ

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2023-жылдын 20-декабрындагы № 2023-П-07/80-1-(ДКП) токтому менен бекитилген.

Бул документте Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (мындан ары – Улуттук банк) 2024-жылга карата акча-кредит саясатынын багыттары жана тактикалык милдеттери аныкталат.

Документ Акча-кредит саясатынын негизги багыттарын орто мөөнөттүү мезгилде[1] ишке ашыруу максатында иштелип чыккан, анын алкагында акча-кредит саясатынын максаттуу көрсөткүчү катары орто мөөнөттүү мезгилде инфляциянын деңгээлин 5-7 пайыз чегинде кармап туруу аныкталган.

***Экономикалык шарттар***

Кыргыз Республикасынын экономикасынын өзгөрүп жаткан тышкы экономикалык чөйрөгө ыңгайлашуусу улануууда.

Кыргыз Республикасынын экономикасынын ачык модели жана жарымына жакынын азык-түлүк товарлары түзгөн өлкө калкынын керектөө куржунунун азыркы структурасы ички баалардын тышкы чөйрөдөгү өзгөрүүлөргө көз карандылыгын алдын ала аныктайт. Ушуга байланыштуу тышкы таасир этүү фактору Улуттук банк тарабынан акча-кредиттик чечимдерди кабыл алууда негизги шарттардын бири бойдон калат.

Дүйнөлүк экономика жай жана бирдей эмес калыбына келүүнү көрсөтүүдө, ал дүйнөлүк сооданын фрагментациясынын өнүгүшү менен коштолот. Дүйнөнүн алдыңкы өлкөлөрү айкын инфляция менен инфляциянын максаттуу көрсөткүчтөрүнүн ортосундагы олуттуу ажырымга байланыштуу монетардык шарттарды катуулатууну колдоого алышкан. Дүйнөлүк азык-түлүк жана чийки зат рынокторунун баа конъюнктурасы ар түрдүү бойдон калууда: азык-түлүккө болгон дүйнөлүк баалар төмөндөп жатса, дүйнөлүк мунай жана алтын рыноктору баалардын өзгөрүлмөлүүлүгүн көрсөтүүдө.

Акча-кредит саясатынын көрүлүп жаткан чараларынын натыйжасында Кыргыз Республикасынын экономикасында инфляциялык процесстер 2022-жылга салыштырмалуу басаңдап жатат. 2023-жылдын декабрь айында[2] жылдык инфляциянын деңгээли 7,1 пайызды түзүп, 2022-жылдын декабрь айындагы 14,7 пайыздан төмөндөгөн.

Өлкөнүн экономикасында эмгек акынын жана социалдык төлөмдөрдүн жогорулашы, ошондой эле миграциялык агым менен шартталган керектөө суроо-талабынын кеңейиши байкалууда. Өлкөдөгү экономикалык активдүүлүк банк сектору тарабынан экономиканы, негизинен соода, айыл чарба, транспорт ишин жигердүү кредиттөө, ошондой эле керектөө кредиттеринин өсүшүнүн натыйжасында колдоого алынган.

Инфляциялык күтүүлөрдү жана базалык инфляцияны баалоо азыркы учурда алардын динамикасы 2022-жылы түптөлгөн инфляциялык факторлордун экинчи таасирлерин чагылдырууну улантып жаткандыгын көрсөтүп турат, мында 2023-жылы алардын динамикасына мамлекеттик тарифтик саясатты (электр энергиясына жана коммуналдык кызматтарга) кайра карап чыгуу кошумча салым кошкон.

Бул шарттарда 2024-жылы акча-кредит саясатын иштеп чыгууда жана жүргүзүүдө базалык инфляцияны, калктын жана экономикалык субъекттердин инфляциялык күтүүлөрүн андан ары төмөндөтүү негизги артыкчылык болуп саналат.

***Акча-кредит саясатынын сандык көрсөткүчү***

Улуттук банк баанын туруктуулугун сактоого багытталган акча-кредит саясатын жүргүзүүнү улантат.

Баалардын туруктуулугу экономиканы өнүктүрүү үчүн маанилүү шарттарды түзөт жана өлкөдөгү макроэкономикалык туруктуулуктун негизги элементи болуп саналат, бул өз кезегинде чечимдерди кабыл алууда экономикалык субъекттердин белгисиздигин

[1] Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 13-декабрындагы токтому менен бекитилген.
[2] 2023-жылдын 8-декабрына карата.

азайтып, өлкөдө жагымдуу бизнес-чөйрөнү түзүүгө, инвестициялык климатты колдоого, калктын жашоо деңгээлин жогорулатууга өбөлгө түзөт.

2024-жылы акча-кредит саясатынын негизги максаты болуп, инфляцияны орто мөөнөттүү максаттуу көрсөткүчтүн жогорку чегине жакын кармап туруу саналат. Акча-кредит саясатынын максаттуу көрсөткүчү – орто мөөнөттүү мезгилде инфляциянын деңгээлин 5-7 пайыз чегинде кармап туруу.

***Акча-кредит саясатынын чаралары***

Алдыга коюлган максаттарды ишке ашыруу үчүн Улуттук банк өзүнүн карамагындагы монетардык саясаттын бардык инструменттерин колдонууну улантат.

Улуттук банктын эсептик чени (негизги чен) акча-кредит саясатынын негизги инструменти бойдон калууда. Эсептик чен боюнча чечимдерди кабыл алуу кеңири моделдик аппаратты пайдалануу жана болушу мүмкүн болгон инфляциялык тобокелдиктерди текшилөөгө мүмкүндүк берген ыкманы колдонуу менен комплекстүү экономикалык талдоонун натыйжаларына негизделет.

Акча-кредит саясатынын максаттарына жетишүү чаралары Улуттук банктын банктар аралык акча рыногун андан ары өнүктүрүү жана акча-кредит саясатынын инструменттерин талаптагыдай ыңгайлаштыруу милдеттери менен тыгыз байланыш. Ушуга байланыштуу күч-аракеттер акча-кредит саясатынын трансмиссиялык механизминин пайыздык каналын жакшыртууга жана экономикага акча-кредит саясатынын сигналдарын күчөтүүгө багытталат.

2024-жылы банк системасында ашыкча ликвиддүүлүктүн жогорку деңгээлинин сакталышы күтүлүүдө. Улуттук банк инфляциянын монетардык факторлорун чектөө максатында, ачык рынокто операцияларды жүргүзүү аркылуу ашыкча ликвиддүүлүктү алып салуу боюнча арылтуу операцияларын жүргүзүүнү улантат.

Монетардык саясатты иштеп чыгуу республиканын узак мөөнөттүү экономикалык өсүшүнө көмөк көрсөтүү үчүн улуттук валютанын сатып алуу жөндөмдүүлүгүн колдоп, Улуттук банктын милдеттерин эске алуу менен ишке ашырылууда.

Улуттук банк рыноктук механизмдер – ички валюта рыногунда чет өлкө валютасына суроо-талап менен сунуштун катышы менен аныкталган өзгөрүлмө алмашуу курсунун режимин карманат. Муну эске алуу менен Улуттук банктын валюта рыногундагы аракеттери алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүн текшилөө максатында гана жүзөгө ашырылат.

Баалардын туруктуулугун камсыз кылуу боюнча максаттарды ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн Улуттук банк тарабынан өлкөнүн бюджеттик-салыктык жана акча-кредиттик саясаттарын координациялоонун алкагында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жана башка мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүү улантылат.

Коммуникациялык саясат акча-кредит саясатынын максатына жетүүнүн негизги элементтеринин бири болуп саналат. Монетардык чечимдерди кабыл алуудагы маалыматтык ачыктык жана транспаренттүүлүк коомчулукта жана экономиканын субъекттеринде Улуттук банктын рационалдуу инфляциялык күтүүлөрүнүн жана акча-кредит саясаты жагында келечектеги чечимдерине карата күтүүлөрдүн калыптанышына өбөлгө түзөт.

Улуттук банк тышкы экономикалык чөйрөнүн таасиринин мүмкүн болуучу тобокелдиктерине жана кесепеттерине баа берүүнү улантат. Экономикалык көрсөткүчтөр күтүлгөн траекториядан олуттуу четтеген жана инфляциялык мүнөздөгү тобокелдиктер ишке ашкан учурда, Улуттук банк жүргүзүлүп жаткан акча-кредит саясатына оңдоолорду киргизүү зарылдыгын карайт жана мүмкүн болуучу терс кесепеттерди жумшартуу үчүн тиешелүү чараларды көрөт.